КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ИЛИМИЙ-ЭЛДИК БИРИНЧИ САНАРИП ЖУРНАЛ

ПЕРВЫЙ НАУЧНО-ПОПУЛЯРНЫЙ ЦИФРОВОЙ ЖУРНАЛ НА КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

THE FIRST POPULAR SCIENCE DIGITAL JOURNAL IN THE KYRGYZ LANGUAGE

*Турусбеков көчөсү 109/3, 504-кеңсе, 720001, Бишкек, Кыргыз республикасы*
*Ул.Турусбекова 109/3, офис 504, 720001, Бишкек, Кыргызская Республика*
*109/3 Turusbekov St, office 504, 720001, Bishkek, Kyrgyz Republic*

*elilimjournal.info@gmail.com; elilimjournal.editor@gmail.com; www.elilimjournal.kg*

**«Эл Илим» журналынын Жобосу**

*Бул жобо «Эл Илим» илимий-элдик санарип журналынын иши жана башкаруусу үчүн негизги документ. Журналдын миссиясын, мазмуунун жана өнүгүшүн аныктайт. Бул жобо, ошондой эле, «Эл Илим» журналынын эл аралык контентти колдонууда юридикалык жана этикалык чектерде иштешин камсыз кылып, кыргыз тилинде илимий билимдерди кеңири жайылтууга өбөлгө түзөт.*

## 1. Жалпы жоболор

1.1. "Эл Илим" илимий-элдик санарип журналы (мындан ары – Журнал)-Кыргыз Республикасында жана кыргыз тилдүү дүйнө үчүн илимий билимдерди кеңири аудиторияга жайылтууга багытталган көз каранды эмес көп тармактуу басылма.
1.2. Журналдын негизги миссиясы – кыргыз тилинде илим жана технологиялар боюнча маалыматтарды жайылтуу аркылуу калктын илимий билимин арттырып, коомдун интеллектуалдык потенциалын өнүктүрүү, кыргыз тилинде илимий-элдик, илимий-маалыматтык, илимий-техникалык контентти глобалдык Интернет тармагында жаратуу жана кеңейтүү.
1.3. Журнал санариптик басылма катары окууга интернет платформалары, мобилдик тиркемелер аркылуу жеткиликтүү болот жана коммерциялык эмес долбоор.
1.4. Журналда бардык макалалар, интервьюлар, жана материалдар кыргыз тилинде жарыяланат, бул - долбоордун миссиясынын маанилүү бөлүгү.
1.5.Журналдын уюштуруучусу – Илимий журналистиканы, коммуникацияны жана жарандык илимди өнүктүрүүнүн “Эл Илим” коомдук фонду.

## 2. Максаттар жана милдеттер

2.1. Журналдын максаты – Кыргыз Республикасында жана кыргыз тилдүү дүйнөдө илимий маалыматтарды кеңири аудиторияга жеткире турган эффективдүү платформа түзүү.

**2.2. Журналдын милдеттери:**

- Кыргызстандык жана дүйнөлүк илимий жетишкендиктерди жайылтуу.
- Жогорку сапаттагы илимий жана билим берүү материалдарына жеткиликтүүлүктү камсыздоо.
- Кыргыз тилинде илимий ой-пикирлерди өнүктүрүү жана изилдөөлөрдү колдоо.
- Жаштарды илимий изилдөөлөргө жана инновацияларга тартуу, аналитикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү.
- Окумуштуулар, илимий кызматкерлер жана жалпы коомчулук ортосундагы диалогду түзүү.
- Окурмандардын, окуучулардын, жаштардын сынчыл ойлонуусун, чыгармачылыгын жана кызыгуусун өстүрүүгө көмөктөшүү.

**3. Журналдын негизги багыттары**

3.1. Журнал төмөнкү илимий жана билим берүү тармактарын камтыйт:

- Табигый илимдер: физика, химия, биология, экология, космос жана астрономия, айыл-чарба.
- Технологиялар жана инновациялар: маалыматтык технологиялар, инженерия, робототехника, биотехнология, нанотехнологиялар, жасалма интеллект.
- Медицина жана ден соолук: жаңы дарылоо методдору, оорулардын алдын алуу, психологиялык ден соолук.
- Экономика жана ишкерчилик: экономикадагы изилдөөлөр, инновациялык стартаптар.
- Илим тарыхы.
- Илимпоздор жана ой лидерлери менен маектешүүлөр.

**4. Журналдын форматы жана материалдарды тапшыруу**

4.1. Журнал санариптик форматта гана мезгил-мезгили менен жарык көрөт (ай сайын/квартал сайын) жана веб-сайт, мобилдик тиркемелер аркылуу окууга жеткиликтүү болот.
4.2.Журналда макалаларды кесипкөй илимпоздор, изилдөөчүлөр, журналисттер, мугалимдер, студенттер, окуучулар жана илимге кызыккан жарандар да жазышы мүмкүн.
4.3. Макалалар илимий-элдик (популярдуу) стилде, кеңири окурмандар үчүн жеткиликтүү болуп, мазмуундун түшүнүктүүлүгүнө жана кызыктуулугуна басым жасалышы керек.
4.4. Макалаларда жалпы аудиторияга түшүнүксүз илимий терминдерди түшүндүрмөсүз колдонууга жол берилбейт.

4.5. **Макалаларды тариздөөгө болгон талаптар**
4.5.1 Макаланын көлөмү **1000ден 2500гө чейин сөздөн** турушу керек.
4.5.2. Тариздөө:

- Текст **.doc же .docx форматында** сунушталышы керек.
- Шрифт: **Times New Roman, өлчөмү 12,** саптар ортосундагы аралык **1.**

- Автор жөнүндө маалымат: макаланын аягында автордун маалыматтары (аты-жөнү, кызмат орду, иштеген/окуган жери, байланыш маалыматтары) көрсөтүлүшү керек.

4.6. Макалага иллюстрациялар, схемалар, графиктер тиркелиши мүмкүн, алар тексттин ичинде жайгаштырылып, тиешелүү жазуулар менен камсыздалышы керек.
4.7. Макалалар электрондук почта (***elilimjournal.info@gmail.com***; ***elilimjournal.editor@gmail.com)*** аркылуу же журналдын вебсайты аркылуу тапшырылат. Бардык материалдар жарыялануудан мурун редакциялык коллегия тарабынан алдын ала каралат.
4.8. Бардык авторлор автордук укуктарды сактоого, колдонулган булактарга шилтеме берүүгө милдеттүү, өздөрүнүн материалдарын оригиналдуу деп кепилдеп, **плагиатка** жол бербеши керек.

**5. Редакциялык топ жана редациялык саясат**

5.1.Журналдын редакциялык тобу илимдин ар кайсы тармактары боюнча адистерден, ошондой эле тажрыйбалуу журналисттерден, редакторлордон жана кыргыз тилин билген тил адистерден турат.
5.2. Редакциялык топ материалдарды тандоо, редакциялоо жана бекитүү иштерин жүргүзөт.
5.3. Редакциялык топ макалаларды редакциялап, аларды стилдик жактан жакшыртууга укуктуу, бирок автордун көз карашын жана мазмуунун сактайт.
5.4. Журнал редакциялык көз карандысыздык менен иш алып барат, ошондуктан журналдын мазмууну саясий же коммерциялык таасирден тышкары болот.
5.5. Редакциялык топ журналдын объективдүүлүгүн жана ачыктыгын сактоого жооптуу, өз алдынча ой жүгүртүүлөр жана талкуулар үчүн шарттарды түзөт.
5.6. Журналдын мазмуунунда эч кандай дискриминацияга, кемсинтүүгө же жеке адамдарга же топторго зыян келтирүүгө жол берилбейт.
5.7. Журнал экологиялык жоопкерчиликти эске алып, санариптик басылма катары экологиялык изди минималдаштыруу, ресурстарды аз колдонуу жана өз ишинде туруктуу практикаларды колдоого аракет кылат.

**6. Эл аралык журналдардагы макалаларды колдонуу жана которуу**

6.1.1.Журнал глобалдык жана эл аралык журналдардан, илимий басылмалардан жана академиялык булактардан макалаларды, изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын жана материалдарды жарыялай алат.
6.1.2. Басып чыгарардан мурун, редакциялык топ түп нуска басылманын авторлорунан жана укук ээлеринен макалаларды кыргыз тилине которуп, колдонууга керектүү уруксаттарды, лицензияларды жана макулдашууларды алууну камсыздайт.
6.1.3.Журнал мындай материалдарды колдонууда автордук укук мыйзамдарын жана интеллектуалдык менчик укуктарын так сактайт.

**6.2. Которуу жана ыңгайлаштыруу**

**6.2.1.** Эл аралык булактардан алынган макалалар кыргыз окурмандары үчүн дүйнөлүк илимий билимди жеткиликтүү кылуу максатында которулат.
**6.2.2.** Котормолор түп нусканын тактыгына жана мазмунуна зыян келтирбестен, авторлордун баштапкы ой-пикирин сактоо менен аткарылат.

**6.3. Туура атрибуция (булакты көрсөтүү)**
**6.3.1.** Эл аралык булактардан которулган бардык макалалардын авторлору жана түп нуска басылмалары так көрсөтүлөт, ошондой эле авторлорго тиешелүү шилтеме берүү камсыз кылынат.
**6.3.2.** Журнал тышкы контенттин булагын ачык көрсөтүүгө басым жасап, мүмкүн болгон учурда түп нуска макалага шилтемелерди камтыйт.

**6.4.Эл аралык контенттин чөйрөсү**
6.4.1. Журнал илимди жана билимди жайылтууну көздөгөн миссиясына шайкеш келген макалаларды тандоо менен которот. Бул технология, медицина, экология жана илимдин башка тармактарын камтыйт.
6.4.2. Редакциялык топ кыргыз тилдүү аудиторияга пайда алып келе турган жана билим деңгээлин жогорулата турган сапаттуу, маанилүү макалаларга артыкчылык берет.

**7. Автордук укук жана кайра жарыялоо**

7.1.Журналда жарыяланган бардык мазмун журналдын интеллектуалдык менчиги болуп саналат.
7.2.Макалалардын авторлору өз эмгектеринин автордук укугун сактап калат, бирок Журналга аны санарип форматында жарыялоого, таратууга жана жарнамалоого уруксат берет.
7.3. Журнал башка тараптар анын макалаларын кайра жарыялоосун колдойт. Бирок кайра жарыялоо төмөнкү маалыматтарды камтуу менен жүргүзүлүүсү керек:

- “Эл Илим” журналы жана анын авторунун аты
- Бул макала башында “Эл Илим” журналында жарыяланган
- “Эл Илим” журналынын башкы бетине же кайра жарыяланган макалага шилтеме

7.4. Журналдын мазмунун коммерциялык же жарнамалык максатта колдонууга жол берилбейт. Журналдын материалдары издөө системаларындагы рейтингдерди жакшыртуу үчүн же тармакка негизделген жарнамалардан киреше табууга гана багытталган веб-сайттарда колдонууга уруксат берилбейт.

8. **Каржылоо жана колдоо**
8.1.**Каржылоо булактары**

- Журнал төмөнкү булактардан каржыланат:
  - Журналистика, илим жана билим берүү долбоорлору үчүн мамлекеттик колдоо
  - Илимий мекемелерден, университеттерден жана уюмдардан демөөрчүлүк

- Журналдын миссиясын колдогон жеке адамдардан жана топтордун каржылык салымы
- Журналдын миссиясын колдогон компаниялардын жана мекемелерден демөөрчүлүк

**8.2. Каржылык ачыктык**:

- Журналдын каржылык эсеп-кысабы коомчулук үчүн ачык болот, жылдык каржылык отчету журналды уюштурган коомдук фонддун расмий интернет баракчасында жарыяланат.
- Жыйналган каражаттар тек гана журналдын ишин уюштурууга, мазмунун түзүүгө жана аны жайылтууну колдоо үчүн гана пайдаланылат.

## 8. Жыйынтыктык жоболор

8.1.Журнал Кыргыз Республикасынын маалыматтык жана билим берүү чөйрөсүнүн маанилүү катышуучусу болууга, илимий сабаттуулукту жогорулатууга жана коомдогу инновацияларды өнүктүрүүгө умтулат.
8.2. Журнал илимий мекемелер, университеттер, изилдөө борборлору жана билим берүү платформалары менен өлкө ичинде жана сыртында кызматташууга ачык.
8.3.Бул жобого зарылчылыкка жараша өзгөртүүлөр жана жаңыртуулар киргизилиши мүмкүн. Бардык өзгөртүүлөр авторлорго жана өнөктөштөргө билдирилет жана жалпыга жарыяланат.
8.4.Эгерде ушул жобонун түшүндүрмөсүнө байланыштуу кандайдыр бир талаш-тартыштар же келишпестиктер келип чыкса, маселе ич ара сүйлөшүү жолу менен же зарыл болсо, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чечилет.